УДК 947.1(575.2)

А.К.Каниметов

# ЫСЫК-КӨЛ КЫРГЫЗДАРЫНЫН ОРУСИЯНЫН КУРАМЫНА КОШУЛУШУНДАГЫ БОРОНБАЙДЫН РОЛУ

*Жазылган макала XIX кылымдагы кыргыз элинин мамлекеттик көрүнүктүү ишмери Боронбай Меңмурат уулунун 225 жылдыгына карата арналган. Боронбай бийдин алысты көрө билген көрөгөч көсөмдүгү, элдин түбөлүктүү келечеги үчүн кам көргөн акылмандыгы жөнүндө баяндалат.*

XIX кылымдагы кыргыз элинин мамлекеттик көрүнүктүү ишмери Боронбай Меңмурат уулу алысты көрө билген көрөгөч көсөмдүүлүгү, элдин түбөлүктүү келечеги үчүн кам көргөн акылман жана дасыккан жолбашчы катары касиети, анын Орусия менен карым-катнашты күчөтүүгө көбүрөөк басым жасаганынан даана байкалат. Боронбай бийдин ошол доордогу эл аралык абалга, күчтөрдүн тең салмактуулугуна жаңылбай туура баа берген. Анткени Цинь империясына, Кокон хандыгына караганда орус мамлекети күч-кубаттуу өлкө экенине акырындап көзү жеткен.

«Журт атасы» деген наамга татыктуу болгон инсандарыбыздын бири-XIX кылымда көл кылаасында жашап өткөн бугу уруусунун башкы манабы - Боронбай бий болуп саналат. Ал өз элинин жетекчиси гана болбостон, ички-тышкы мамилелерде саясатчы катары тарых барактарында, эл оозунда азыркы күнгө чейин кеп болуп калган. Маселен «сындын ээси Санчы, ырдын ээси Арстанбек, ойдун ээси Калыгул, малдын ээси Олжобай, ал эми журттун ээси Боронбай» деп бекер айтылган эмес.

Ал эл башында калыс туруп, эл ичин уюткулуу ынтымакка чакырган. Ошол доордогу уруу күрөштөрүнүн кесепетинен орус, казак, кытай сыяктуу коңшу мамлекеттер менен дипломатиялык мамиле түзгөндүгүн биле алабыз. Себеби, ысыккөл кыргыздарын Орусия империясынын карамагына өткөрүүгө элчилерин жөнөтүп, прогресске умтулгандыгы анын көрөгөчтүгүн, акылмандыгын тарых барактары далилдеп отурат. Маселен, Боронбай Меңмурат уулу 1844-жылы август айында өз өкүлчүлүгүн Омбудагы орус төбөлдөрүнө жиберип, аларды Петербург шаарына жөнөтүшүн суранып, орус букаралыгына өтөбүз деген кат менен кайрылган. Каттын мазмунунда мындай саптар жазылган «биздин арабызда көптөн бери соода иштери менен жүрүшкөн татарлар Тархан Файзулла жана казандык Мухаммед Галим Тагиров бизди орус букаралыгына өтүүгө абдан ишендиришти [3]. Буга себеп, бир жагынан кыргыз жана казак феодалдарынын ортосундагы өз ара кагылышуулардын күч алышы, экинчи жагынан, кыргыздардын Кокон хандыгынын деспоттук эзүүсүнөн кутулууга жана Орусия империясынын курамына кошулууга жасаган аракетинин күчөшү болгон. Кененсарынын капысынан кыргыздарга басып кириши кыргыз урууларына чоң коркунуч түзгөн. Орус падышасы кыргыздардын Кененсарыга кошулуп кетишинен өтө коопсузданып, аларды Кене ханга каршы тукуруп үгүттөгөн. 1846-жылы август айында есаул Нюхалов Кененсары Касымовду орус империясынын душманы катары өлтүрүүнү сунуш кылат жана буга колдоо көрсөтөөрүн билдирип, Ормон ханга жана кыргыз уруу башчылары Боронбай Меңмуратовго, Ажыбай Шералинге, Жангарач Эшкожиндерге атайын кат жөнөтүшкөн [3]. Орус өкүлчүлүгүнүн мындай колдоосу кыргыздарды шерденткен. Кененсары Касым

уулу менен болгон согушка Ормон хан тарабынан чакыртылган кыргыз урууларынын ичинен Боронбай башчылык кылган бугу уруусу келишкен эмес.

Боронбайдын Кененсары менен болгон согушка келбей коюшу аны менен Ормон хандын ортосундагы каршылыкты курчутуп, экөөнүн ортосундагы тымызын таймашуунун алгачкы отун жандырган. Кененсарынын баскынчылык жортуулунун ташын-талкан чыгаргандан кийин Ормон хандын кадыр-баркы ого бетер көтөрүлгөн. Ормондун өч алуусунан чочулаган Боронбай күчтүү союздаш издеши керек эле. Андай күчтүү жардам орус мамлекетинен келе тургандыгын көрө билген. Ошондуктан ал казактарды талкалагандан бир жыл өткөндөн кийин, тактап айтканда 1848-жылы, Орусиянын Батыш Сибирь генерал-губернаторуна өз өкүлчүлүгүн жиберип, андан бугу уруусун орус букаралыгына кабыл алышын сураган. Бирок,чек ара алыс болгондуктан, ал мезгилде кошулууга шарт келген эмес. Ормон хандын бийлигине көбүрөөк көзкаранды болушкан Жантай Карабек уулу менен Боронбай Меңмурат уулу бул максатта өзгөчө иш алып барышкан. Алар Ормон ханга билдиришпестен орустар менен болгон байланыштарын көптөгөн архивдик материалдар көргөзүшөт. Маселен, 1851-жылы Жантай менен Боронбай князь Горчаковго жашыруун сүйлөшүү үчүн кат жазып кайрылышкан.

Кокондуктардын кысымдарынын өсүшү жана Ормон хандын Илиге көчүп кетиши (1852-ж., кышында) кыргыз уруу башчыларынын орустар менен болгон байланышын чыңдаган. Ормондун бийлигинен чыгыш үчүн бугу уруусунун манабы Боронбай мындан өтө кылдат пайдаланган. Ал өз өкүлдөрүн дагы бир жолу 1853-жылдын сентябрь айында Омскидеги Батыш-Сибирь генерал-губернатору Гасфордго кат менен жөнөткөн. Кадырлуу кыргыз элчилерин салтанаттуу тосуп алышып, Омскиде генерал-губернатор Г.Х.Гасфорд башында турган сибирдик генералитет, БатышСибирдин башкы башкармасынын жогорку даражалуу адамдары чогулган аземге катышууга эң урматтуу казак султандары чакырылган. Ошол эле жерде генерал-губернатордун жаш адъюданты Чокан Валиханов да болгон. Жазылган катта алар орус букаралыгына кабыл алуусун өтүнүп, айланасындагы уруулардан, өзгөчө Кокон хандыгынан качан кол салат деп, күнү-түнү менен коркуп жатабыз деген. Орус мамлекети үчүн бугу уруусу ээлеп турган Кашкарга өтүүчү жол өтө маанилүү болгондуктан, алар Боронбайдын өтүнүчүн аткарабыз деп убада беришкен [4]. Себеби, Жууку капчыгайы аркылуу Кашкарга жана Коконго эл аралык мааниси бар кербен жолдор өтүп,капчыгайдан агып чыккан өзөндүн оң жээгине бугу уруу бирикмесинин башкы башкаруучу манабы Боронбай Меңмурат уулу 1843-жылы Кызылүңкүр деп аталган чеп-коргонду курган. Мунун максаты капчыгайдагы кербен жолу аркылуу Кашкарга каттаган соодагерлердин коопсуздугун коргоо жана коңшулардын кокусунан кол салууларынан коргонуу болгон. Коргондун ичине ондой боз үй батып жана жыйналган түшүм сакталган. Жети-Суудан Кашкар жерине багыт алган бардык кербен жолдору Санташ ашуусу аркылуу өтүп,андан кийин Боронбай курдурган Кызылүңкүр коргонуна такалып кесилишчү. Соодагерлердин буюмдарын арабага жүктөп, Кызылүңкүр коргонуна чейин ашуу-белдердин баардыгын бейкапар басып өтүшүн камсыз кылып турган.

Боронбай бийдин демилгеси менен көлгө куйган өзөн-суулардын секиден шаркырап аккан жерине кыргыздар суу тегирмендерин курушкан. Бул жасаган ишмердиги элдин жашоо-тиричилигин жакшыртууда,эл турмушун оңдоодо кам көргөн жол башчынын жүргүзгөн иштеринен кабар берет.

Боронбай Меңмурат уулу бугу уруусунда жеке бийлик жүргүзүү менен

түпкүлүгүндө жалпы кыргыз элинин биримдигин, ич ара ынтымактыгын чындоого умтулуп, бирдиктүү мамлекет түзүү идеясын колдогон. Маселен, ал 1842-жылы Ормон Ниязбек уулун хан көтөрүү салтанат аземине өз ыктыяры менен катышкан. Ал кезде аркалык кыргыздардын ханын көтөрүү үчүн жол башчылар топтолгон жыйынга келүүгө жана макул болууга аны эч ким мажбурлаган эмес. Ормондун хан көтөрүлүшү менен ошол мезгилдеги Кокон хандыгынын үстөмдүгүнөн кутулууну жана көз каранды эместикти жарыялоону эңсеп, өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүү үчүн өз эрки менен чогулушканы анык. Муну эч ким жокко чыгара албай турган чындык. Падыша өкмөтүнүн сунушу боюнча Боронбай бий жөнөткөн элчилер 1854-жылы 26-сентябрда Омскиге манап Качыбек Шералин башкарган элчилиги Батыш-Сибирдин генерал-губернаторлуктун борборуна жетип келген, ал жерде өтө жылуу тосуп алган. Делегация бугу уруусундагы кыргыздардын атынан ант берүүгө укуктуу болгон.

Ант берүү процедурасын шаан-шөкөттүү, чыгыш духунда уюштурушкан. Мына ошентип, 1855-жылдын 17-январында Омскинин салабаттуу сарайында Качыбек Шералин колуна куран кармап туруп, кыргызча ант берген, ошол эле жерде тилмеч орусча айтып берип турган: «Мен, эч кандай өкмөткө карабаган эң байыркы кыргыздардын ордосундагы бугу уруусунун манаптарынын, бийлеринин жана башка уруу башчылары менен аксакалдарынын ишенимдүү адамы кудуреттүү кудайга бугу уруусу...ишенимдүү, кайрымдуу, тил алчаак жана түбөлүк букара болууну жана анын мартабалуу императордук даражасынын уруксатысыз жана указысыз эч жакка, башка өлкөнүн кызматына кирбөөнү каалай тургандыгына убада кыламын жана ант беремин... Өзүмдүн антымдын аягында ыйык курандын сөздөрүн өбөмүн. Оомийин» [5].

Катышкандар антты колдору менен бекитишип, султандар менен бийлер мөөрлөрүн жана уруулук тамгаларын басышкан. Саясий зор маанидеги акт жасалган. Кыргыздардын Орусия менен биригишүү идеясы биринчи жолу официалдуу жарыяланган жана юридикалык жактан жазуу жүзүндөгү ант формасында бекемделген. Бул кыргыз элинин Орусиянын букаралыгын тынчтыкта кабыл алышынын бир аз тарыхый актыларынын бири болгон.

Кыргыздардын Орусия букаралыгын кабыл алышынын күнү - 1855-жылдын 17-январын - башкача айтканда - «бугу уруусунун манаптарынын, бийлеринин, уруу башчыларынын жана аксакалдарынын ишенимдүү адамы» капитан Качыбек Шералиндин ант беришинин күнүн эсептөө керек. Бул жагынан, кыргыз-орус кызматташтыгынын алгачкы кадамдары жөнүндө айтуу менен, Орусия менен биригишүү идеясынын алгачкы жарчылары-бугулук манаптар: Боронбай Меңмуратов менен Качыбек Шералиндин ролун тааныбай коюуга болбойт.

Бугу уруусунун чоң манабы Боронбай Меңмуратов кыраакы саясатчы болгон. Ал Цинь менен Кокондун ортосунда эбин таба билген. Биринчиси, аны өз тарабына тарткысы келип, Боронбайга тебетей-тумакка кадап коюучу шарик - Асман мелжиген империянын чиновниктер катмарына таандык экендигинин символун жиберген. Экинчиси да ага көп жолу сый тартуулап жана боорукердик көрсөткөн. Бирок булар бир нерсени эске алышкан эмес - Боронбай стратег болгон, ошондуктан өзү үчүн жана өзүнүн эли үчүн өтө оңтойлуу позицияны тандап алган, ал эми ошол конкреттүү тарыхый шартта жана түзүлүп отурган кырдаалда Орусия гана кыргыздарга таасирдүү жардам көрсөтүүгө, душмандардын кол салууларынан алардын коопсуздугун камсыз кылууга жөндөмдүү күч боло алмак. Мына ошондуктан Боронбай Орусияга кошулуунун чечкиндүү жактоочусу болгон анын жеке таламдары кыргыз элинин

умтулууларына объективдүү дал келген.

Батыш-Сибирь генерал-губернатору Боронбай бийдин калк ичиндеги кадыр-баркын эске алып, аймакта Орусиянын таасирин таратуудагы эмгегин жогору баалап,аны уруу бирикмесинин башкы манабы деп, ага подполковник аскердик чен-наамы ыйгарылып, баалуу белектер ыйгарылган. Анткени, Боронбай Орусияга ык алуунун башкы демилгечиси жана элчилик байланыштардын уюштуруучусу болгон.

Адабияттар:


1. Турсунов Э. Боронбай (тарыхый роман). -Б.: Акыл. 2004.
2. Журт атасы-Боронбай. Кут билим газетасы. №13. 2004.
3. Хасанов А. Истории Киргизии XIX в. -Ф., 1959.
4. Хасанов А. Завоевание Киргизии русским царизмом. -Ф., 1959.
5. Жамгырчинов Б.Ж. Кыргызстандын Россиянын составына ыктыярдуу кириши. –Ф., 1963.